DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-59-120-127
УДК: 811.512.154 (07)

***Осмонова Г.***, *магистрант*
*e-mail:osmonovaguljan3@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-0486-891X*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# КАБЫЛ АЛЫНГАН СӨЗДӨРДҮ ОКУТУУНУН ЫКМАЛАРЫ

*Азыркы кыргыз тилинин лексикалык негизин төл лексика түзөт. Бирок төл лексиканын катмарына жеке эле кыргыз тилинин өзүнө тиешелүү сөздөр кирбестен, башка тектеш тилдер менен орток болгон сөздөр да кирет. Ошону менен катар кыргыздар өзүнүн кылымдарды карыткан карт тарыхында башка калктар менен да алака-катышта болуп келишкен. Мындай мамилелер лексикалык корго таасирин тийгизген. Тилдин лексикалык курамынын өзгөрүп турушу кыргыз элинин башынан кечип өткөн тарыхынан, учурунан кабар берип турат. Коомдун өнүгүшүнө жараша, зарылдыгына жараша тилибизге жаңы сөздөр кирип турары белгилүү. Кыргыз тилинде араб, иран, монгол, орус тилинен келип кирген сөздөр арбын. Мындан сырткары, орус тили аркылуу европа тилдеринен келип кирген сөздөр бар экендиги да белгилүү. Кабыл алынган сөздөрдү окутууда, эң ириде, алардын этимологиясына көңүл бурабыз. Алардын чыгыш теги, кирүү жолдору тууралуу маалымат берилет. Кабыл алынган сөздөрдү окутуу мектеп жана жогорку окуу жайлардын программасында каралган. Макала ушул маселелерге арналат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *лексика, лексикология, кабыл алынган сөздөр, тилдик контакт, классификация, окутуу, тил.*

***Осмонова Г.**, магистрант*
*e-mail: osmonovaguljan3@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-0486-891X*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

# МЕТОДИКА ОБУЧЕНИЯ ЗАИМСТВЕННЫХ СЛОВ

*Лексическую основу современного кыргызского языка составляет родная лексика. Однако, родной словарный запас включает не только слова, принадлежащие кыргызскому языку, но и слова, имеющие общность с другими родственными языками. В то же время кыргызы на протяжении своей многовековой истории контактировали с другими народами. Такие отношения отразились на лексическом фонде. Меняющийся лексический состав языка рассказывает об истории и современности кыргызского народа. Известно, что новые слова входят в наш язык в зависимости от развития общества, в зависимости от необходимости. В кыргызском языке много слов, пришедших из арабского, иранского, монгольского и русского языков. Кроме того, известно, что есть слова, пришедшие из европейских языков, пришедшие через русский язык. При обучении полученным словам мы преимущественно обращаем внимание на их этимологию. В статье предоставлена информация об их происхождении и путях проникновения. Обучение заимствованным словам предусмотрено в программе школ и высших учебных заведений. Статья посвящена упомянутым вопросам.*

***Ключевые слова**: словарный запас, лексикология, заимственные слова, языковой контакт, классификация, обучение, язык.*

***Osmonova G.**, master's student*
*e-mail: osmonovaguljan3@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-0486-891X*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

# METHOD OF LEARNING BORROWED WORDS

*The lexical basis of the modern Kyrgyz language is the native vocabulary. However, the native vocabulary includes not only words belonging to the Kyrgyz language, but also words common with other related languages. At the same time, the Kyrgyz people have been in contact with other peoples throughout their centuries-old history. Such relations are reflected in the lexical fund. The changing lexical composition of the language tells about the history and modernity of the Kyrgyz people. It is known that new words enter our language depending on the development of society, depending on the*

*need. In the Kyrgyz language, there are many words that came from Arabic, Iranian, Mongolian and Russian. In addition, it is known that there are words that came from European languages, came through the Russian language. When teaching the received words, we mainly pay attention to their etymology. Information will be provided on their origin and ways of penetration. The teaching of accepted words is provided in the curriculum of schools and higher educational institutions. The article is devoted to these issues.*

***Key words**: vocabulary, lexicology, received words, language contact, classification, learning, language.*

Сөз кабыл алуу – табыгый, зарыл жана реалдуу процесс. Дүйнөдө бир дагы тил өзү менен өзү жалгыз жашай албайт. Ал, сөзсүз түрдө, экинчи бир тил менен байланыш-катышта болот. Учурда ар бир тилдин лексикалык курамында сырттан кабыл алынган сөздөр бар экендиги – талашсыз факт.

Тилдик байланыш-катыш проблемасы бардык заманда учурдун темасы болуп келген жана боло берет. Анткени тилде жаңы элементтер тынымсыз пайда болуп турат дагы, ошону менен катар коомдо активдүү колдонулуп жүргөн сөздөр мезгилдин өтүшү менен акырындап пайдалануудан четтеп калат.

Кыргыз эли да узак кылымдарга созулган карт тарыхында көптөгөн башка элдер менен алака-катышта болуп келген. Мындай байланыштар жалаң гана элдин турмуш-тиричилигине, жашоо ыңгайына, психикасына, үрп-адаттарына, рухий көз караштарына таасир тийгизбестен, анын тилине да өз изин калтырганын көрөбүз [2, 5-б.]. Азыркы кыргыз тилинде тектеш жана тектеш эмес тилдерден кабыл алынган сөздөр бир кыйла экендиги белгилүү. Демек, мунун өзү эле айтып тургандай, кыргыз элинин башка элдер менен болгон маданий, экономикалык, саясий, чек аралык, согуштук мамилелеринен улам кыргыз тили да белгилүү бир деңгээлде өзүнө чет сөздөрдү сиңирип алып тургандыгы жана ушул эле маалда башка тилдерге да кандайдыр бир өлчөмдө өзүнүн таасирин тийгизгени да белгилүү. Кыргыз тилинин башка тилдерге тийгизген таасири жөнүндө тилчи-илимпоздор Э. Н. Наджип менен С. Сыдыков өзүлөрүнүн эмгектеринде баса белгилеп өтүшкөн.

Кабыл алынган сөздөргө байланыштуу изилдөөлөр 19-кылымдан бери лингвисттер тарабынан иликтенип келе жатат. Бул жаатта эмгек кылышкан ата мекендик илимпоздор Ю. Яншансин (1952), И. Н. Бажина (1954), З. Акылбекова (1966), Б. Осмоналиева (1966), В. Курманалиева (1969), К. Дыйканов (1980), С. Сыдыков (1983), Ж. Мочоев (1998), А. Сапарбаев (1998), Э. Абдулдаев (1998), Ж. Мамытов (1999), Т. К. Ахматов (2003), А. Шаршенбаев (2005), Б. Нарынбаева (2005), А. Анапияева (2013) жана башкалардын иштери кыргыз тил илиминде татыктуу орунду ээлейт.

Жалпыга маалым, тилдердин байышына, негизинен, эки нерсе: ички жана сырткы өбөлгө шарт түзөт. Кыргыз тилинин лексикалык системасы да жалпысынан төмөнкүдөй эки чоң катмардан турат:

1) төл сөздөр;

2) кабыл алынган сөздөр.

Кыргыздын төл сөздөрүн, атап айтканда, өздүк лексиканы төмөнкү принциптерге таянып аныктоого болот:

а) өздүк лексика өзгөчө туруктуу мүнөзгө ээ. Мына ушул туруктуулук алардын кылымдар бою негизи сөздүк кордон эч өзгөрүүсүз бекем орун алышын шарттап турат;

б) тилде жаңы сөздүн пайда болушу жана алардын маанилик жактан өнүгүшү үчүн негизги база катары кызмат аткарат.

в) башка сөздөргө караганда жалпы элдик мүнөзгө ээ жана бир тилде сүйлөгөндөрдүн баары үчүн бирдей даражада түшүнүктүү болот. Мындан сырткары, генетикалык жагынан түрк тилдер тобуна кирип, айрым бир фактылары орток болгон (кээ бирлери тыбыштык жагынан өзгөрүүгө учураган) сөздөр да бар [5, 153-б.].

Ал эми жалпы эле кыргыз лексикасынын (жалпы түркологиянын) өнүгүшү жана байышы тууралуу мезгил боюнча классификацияланган ой-пикирлер да бар. Алсак, белгилүү түрколог Н. А. Баскаков түрк тилдеринин лексикасын алты доорго бөлүштүрүп карайт:

1) алтай доору;

2) хунн доору (V кылым);

3) байыркы түрк доору (V-X кылым);

4) орто кылымдагы түрк доору; негизги түрк урууларынын тилдеринин калыптанышы жана өнүгүшү (X-XV кылымдар);

5) жаңы түрк доору; элдик тилдердин өнүгүшү жана калыптанышы (XV-XIX кылымдар);

6) жаңы доор; түрк тилдеринин Октябрь революциясынан кийинки өнүгүшү [1, 28-б.].

Ал эми академик И. А. Батманов кыргыз тилинин лексикасынын өнүгүшүн беш этапка бөлүп карайт:

1-этап – биздин доордун VII кылымына чейинки мезгил. Бул кылымдарга орхон-енисей жазма эстеликтери таандык;

2-этап – VII-XV кылымдар. Кыргыздардын негизги бөлүгү Тянь-Шанга келиши. Монгол, уйгур, ойрот тилдери менен тилдик контакт;

3-этап – XVI кылымдан XIX чейин. Уйгур, өзбек, казак, татар тилдери аркылуу араб, иран сөздөрүн кабыл алуулары;

4-этап – XIX кылымдын 60-жылдарына чейинки мезгил. Орус тилинин тийгизген таасири;

5-этап – советтик жана интернационалдык элементтер [1, 58-59-бб.].

Академик Б. М. Юнусалиев кабыл алынган сөздөрдүн келишин төрт мезгил менен көрсөтөт:

1) монгол тилинен кыргыз тилине оошкон сөздөр (XIV кылымга чейинки учурлар);

2) иран тилинен кабыл алынган сөздөр (X-XI кылымдар);

3) араб тилинен кыргыз тилине оошуп келген учур (ислам дининин Орто Азияга таралышы, VII кылым);

4) орус тилинен кабыл алуулар [8, 219-226-бб.].

Ал эми сырттан кабыл алынган сөздөргө төмөнкүдөй генеалогиялык, тарыхый-хронологиялык, тематикалык жана типологиялык классификациялоону жүргүзгөн эмгектер да бар. Азыркы кыргыз тилинде сөздөрдүн тегине, кабыл алуу маселелерине арналган маанилүү эмгектер бар [3]. Бул эмгектерде четтен келип кирген сөздөргө изилдөө жүргүзүлүп, системага келтирилгендиги көрүнүп турат жана окумуштуулар Х. Карасаевдин, К. Дыйкановдун эмгектеринде атайын (орус, араб, кытай, иран, монгол, дунган) белгилер менен берилип жүрөт.

**Чет тилден келип кирген сөздөр** – тилдик байланыш-катыштын натыйжасында бир тилден экинчи тилге келип кирген сөздөр, морфемалар, синтаксистик конструкциялар. Тилдик кабыл алуу – тил илиминдеги татаал процесс. Мындай

процесс ар кандай мөөнөттү (кыска-узак) тандашы мүмкүн. Ал ошол элдин (сөздү кабыл алып жаткан) сөзгө болгон мамилесине жараша реализацияланат. Бул тилдик бирдиктер ортомчу тил аркылуу да ишке ашат. Кыргыз тилинде ушундай милдетти аткарган орус, тажик, өзбек, уйгур тилдери болуп эсептелет [7].

Белгилүү окумуштуу, профессор Ж. Мамытов кабыл алынган сөздөр тууралуу мындайча пикирин билдирет: "Кыргыз эли өзүнүн өнүгүү тарыхында көп элдер менен ар кандай (аймактык, саясий, экономикалык, маданий) карым-катнашта болуп келген. Ошонун натыйжасында кыргыз лексикасына башка элдердин тилдеринен көп сөздөр келип кирди.

Бир тилден экинчи тилге сөздөр эки түрдүү жолдор менен – оозеки түрдө жана жазуу аркылуу кирет. Элдердин ортосундагы оозеки катнашуунун натыйжасында бир тилден экинчи тилге кирген сөздөр башка тилдик чөйрөгө келгенде, фонетикалык жактан өзгөрүүгө дуушар болот. Башкача айтканда, сырттан кирген сөздөр кабыл алган тилдин фонетикалык законуна ылайыкталат. Алсак, мектеп (ар. мактаб), самоор (ор. самовар), каамыт (ор. хомут) ж. б. Ошондой эле бир тилден экинчи бир тилге сөздөр оозеки түрдө өткөн учурда маанилик жактан да өзгөрүүгө дуушар болуп, семантикасы кеңип же тарып кириши мүмкүн.

Ал эми жазма адабият аркылуу келип кирген сөздөр фонетикалык жактан анчалык өзгөрүүгө учурай бербейт. Атап айтканда, кыргыздын жазма адабий тили түзүлгөндөн кийинки мезгилде орус тилинен кыргыз тилине кирген сөздөр орус тилинде кандай айтылып, кандай жазылган болсо, ошол калыбында дээрлик өздөштүрүлүүдө.

Сөздөр бир тилден экинчи тилге тике кириши да жана башка тилдер аркылуу кириши да мүмкүн. Мисалы, азыркы кыргыз тилинде *пароход, паровоз, самолет, луноход, совет, совхоз, комсомол, спутник, обой, варенье, голубцы* деген сыяктуу орус сөздөрү тике кирсе, ошол эле орус тили аркылуу эң көп илимий-техникалык, коомдук-саясий, спорттук, согуштук, искусствого ж. б. байланыштуу терминдер башка тилдерден кирген. Мисалы: грек тилинен *грамматика, фонетика, лексикология, комедия, базис, галактика, металл*; латын тилинен *аудитория, декан, каникул, экзамен, цемент, арена, цирк, глобус, автор, депутат, акция*; немец тилинен: *атака, командир, лагерь, штаб, бухгалтер, процент, галстук, шляпа*; англис тилинен: *биржа, вокзал, троллейбус, трамвай, лидер, митинг, парламент, баскетбол, спортсмен, футбол, финиш, хоккей, лифт, бифштекс*; француз тилинен: *батальон, гарнизон, эскадра, агрессия, ассамблея, пальто, актер, жонглер, пьеса, режиссер*; итальян тилинен: *тенор, опера, ария, бас, флейта, дуэт, кантата, балкон* ж. б." [4, 160-б].

Кыргыз тилинин лексикасында түпкү теги жагынан араб тилине тиешелүү сөздөрдүн бир даары кыргыздардын арасында өз учурунда ислам дининин таралышына байланыштуу диний түшүнүктөрдүн атоолору катары жайылган болуу керек (мисалы: *намаз, орозо, бата, кудай, арбак, жаназа, тозок, бейиш* сыяктуу сөздөр). Араб тилинен өздөштүрүлгөн сөздөрдүн арасында жалаң гана диний түшүнүктөрдүн атоолору эмес, ар түрдүү коомдук-саясий, илим-билим, адеп-ахлакка байланыштуу түшүнүктөрдү билдирген *мамлекет, маданият, мектеп, китеп, калем, мугалим, саясат* өңдөнгөн күндөлүк турмушта өтө кеңири колдонулган сөздөр да бар.

Ал эми иран тилдеринен оошкон сөздөр араб тилинен кирген өздөштүрүүлөргө караганда сан жагынан да, тематикасы боюнча алда канча көптүк кылат. Алар көбүнчө чарбачылыктын тармактарына (көбүнчө дыйканчылык) жана башка тиричилик салааларындагы ар кандай буюм, өсүмдүк, курулуш, үй буюмдары, кийим-кечек, тамак-аш, шайман, кездеме ж. б. атоолорун билдирип, бир тобунун эне тилибизде

маанилеш түгөйлөрү да бар. Иран өздөштүрүүлөрүнүн бир кыйласы көбүнчө түштүк диалектиде басымдуу кездешет: ошондой эле айрым жазуучулардын чыгармаларындагы персонаждардын кебинде учурап, жазма адабий тилден да орун алып кеткендери бар.

Азыркы кыргыз тилинде монгол, араб, иран, орус жана орус тили аркылуу келип кирген европалык сөздөр жыш учурайт.

Кыргыз тилин изилдөөчүлөрдүн бири профессор А. Сапарбаев: "Кыргыз тилинин лексикалык составы – нечендеген көп кылымдардын мөмөсү. Кыргыз эли өзүнүн өнүгүү тарыхында ар түркүн элдер менен ар кандай алака-катышта болуп келгендиктен, кыргыз лексикасына башка элдин тилдеринен көптөгөн сөздөр келип кирген.

Түрк тилдеринин, анын ичинен кыргыз тилинин сөздүк составы революциядан кийинки мезгилде тез байып, тез өнүктү. Бул, баарыдан мурда, Совет бийлигинин жылдарында тарыхый өнүгүүгө байланыштуу саясатка, экономикага, илимге, техникага, маданиятка, искусствонун түрдүү тармактарына, чарбачылыкка, окуу-тарбия иштерине тиешелүү болгон көптөгөн сөздөрдү, терминдерди орус тилинен үзгүлтүксүз кабыл алуулар менен шартталат. Муну менен катар орус тили аркылуу кыргыз тилине этимологиясы европалык элдерге таандык болгон терминдер, сөздөр жана көптөгөн кыскартылган сөздөр да кирди" деген баалуу ойлорун айтат [5, 158-165-бб.].

Айрым сөздөргө фактыларды келтире кетели.

Аалам (ар.) – 1. Бүткүл дүнүйө, бардык жаратылыш. 2. Бүткүл жер жүзү, бардык эл, өлкө.

Аалым, аалим (ар.) – окумуштуу, илимпоз.

Абзац (нем.) – тексттин башкы сабындагы чегинүү.

Аванс (фр.) – алдыда боло турган төлөм эсебинен берилүүчү акча же мүлк.

Авианосец (ор.) – аскердик самолёттер менен вертолёттордун турушу, учушу жана конушу үчүн ылайыкташтырылып жабдылган суу үстүндө жүрүүчү аскердик кеме.

Автореферат (ор.) – илимий иштин автор өзү жазган кыскача мазмуну.

Агитатор (ор.) – үгүт ишин жүргүзүүчү адам.

Адабият (ар.) – искусствонун бир тармагы, көркөм сөз өнөрү.

Адвокат (лат.) – айыпкерди сотто жактоочу, сотто бирөөнүн ишин алып баруучу, укук маселелери боюнча кеңеш берүүчү юрист.

Айкел (ар.) – адамдын чоюндан же чоподон уютулган тулкусу.

Анкета (фр.) – маалымат алуу үчүн суроолору бар барак.

Аргумент (лат.) – далил.

Артист (фр.) – искусство чыгармаларын аткаруучу адам (ырчы, музыкант, актер).

Баа (ир.) – куну, турушу.

Баатыр (монг.) – эр, кайраттуу, тайманбас.

Бада (ир.) – жайытта багылган уйлар.

Багымдат (ир.) – таң, таң жарыгы.

Бажы (ир.) – салык, алым.

Бакча (ир.) – дарак, мөмө дарагы тигилген жай.

Баскетбол (англ.) – топту торго түшүрүп ойнолуучу командалык спорттук оюн.

Бешене (ир.) – маңдай, чеке, баш.

Бөлкө (ор.) – формага салынып бышырылган нан.

Булбул (ир.) – сайроочу кичинекей куш.

Бульвар (фр.) – эки тарабы жол, ортосу аллея болгон бак-дарактуу чоң көчө.

Вена (лат.) – жүрөккө кан алып келүүчү кан тамырлар системасы.

Гимн (лат.) – мамлекеттик же социалдык бирдиктин белгиси катары кабыл алынган салтанаттуу ыр.

Даарат (ар.) – жууну, тазалануу.

Дарбаза (ир.) – капка, чоң эшик.

Доцент (лат.) – жогорку окуу жайынын окутуучусуна берилчү илимий наам.

Дүкөн (ар.) – соода үйү, аны-муну сатыла турган жай.

Жаа (монг.) – аткыч курал.

Илеген (ир.) – 1. каңылтыр чылапчын, 2. табак, аш табагы, батыныс.

Интеллигенция (лат.) – коомдун акыл эмгеги менен татаал чыгармачылык эмгекти кесип кылган, илим, техника, маданият жаатында атайын билимге ээ социалдык тобу.

Ишемби (ир.) – аптанын алтынчы күнү.

Каталог (гр.) – китептердин, нерселердин карточкага алып бириктирилген тизмеси.

Кенч (ир.) – байлык, түгөнгүс мүлк, мал.

Клуб (англ.) – маданий-агартуу мекемеси.

Кодекс (лат.) – коомдук турмуштун кандайдыр бир жагын жөнгө салуучу закондордун жыйнагы.

Концерт (итал.) – эл алдында музыкалык чыгарманы же обонду угузуу.

Кулпу (ир.) – килит, эшик, сандык бекиткич.

Лексикология (гр.) – тил илиминин тилдин сөздүк составын изилдөөчү бөлүгү.

Мажилис (ар.) – чогулуш, жыйналыш.

Майдан (ир.) – аянт, талаа.

Мугалим (ар.) – окутуучу, тарбия берүүчү.

Ноябрь (лат.) – календардык жылдын он биринчи айы.

Нота (лат.) – бир мамлекеттин өкмөтүнүн башка бир өкмөткө жазуу жүзүндө официалдуу дипломатиялык кайрылуусу.

Океан (гр.) – мухит, жер шарынын көпчүлүгүн каптап турган суу мейкини.

Пейил (ар.) – аракет, иш, ниет.

Пансионат (фр.) – эс алуу үйү, же мейманканын түрү.

Жогорудагы окумуштуулардын кабыл алынган сөздөрдүн жалпы табиятына токтолгондуктарына саресеп салып жатып, бул процесс (сөз кабыл алуу) кайсы кылым, кайсы жылдар болбосун, тынымсыз жүрүп турарына ынандык. Азыркы илимий-техникалык заман өнүгүп жатканда, робототехника, нанатехнологиялардын жаңы доору башталып, кыргыз тилине дагы далай чет сөздөрү келиши күтүлүүдө.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы педагогикалык илимдердин катарына кирип, анын негизги тармактарынын бирин түзөт. Методика илими мектеп жана башка билим берүү мекемелеринин окуучуларынын (студенттерине, угуучуларына ж. б.) эне тилин илимий-педагогикалык негизде үйрөтүү аркылуу кеп ишмердигин (сүйлөшүүсүн) жакшыртуунун, өркүндөтүүнүн алгылыктуу, ийкемдүү жана майнаптуу ык-жолдорун, формаларын, каражаттарын жана тажрыйбаларын иликтейт.

Окутуу – бул педагогикалык процесс. Ал окуучулардын белгилүү бир билимге, билгичтикке жана көндүмдөргө ээ болушуна, чыгармачылык жөндөмүн, дүйнө таанымын, көз караш, ишенимдерин өнүктүрүүгө карата окуу-таанып билүү ишмердигин активдештирүүгө багытталган [6, 28-30-бб.]. Эне тилди мектептерде жана

жогорку окуу жайларында үйрөнүүгө байланыштуу төл сөздөрдөн түзүлүш закон ченемдери жагынан кескин айырмалуу лексикалык өздөштүрүүлөрдү өзүнчө системалаштырып тизмектеп, алардын алгачкы келип чыгуу теги, мааниси жөнүндө илимий ыкмалар менен түшүнүк берүүнүн илимий жана тажрыйбалык мааниси зор.

Кабыл алынган сөздөрдү окутуу мектеп программасында да, жогорку окуу жайлардын программасында да каралган. Төл сөздөр менен катар эле, кабыл алынган сөздөргө да кеңири орун берилген. Бирок алардын мааниси окурмандарга (болгондо да мектеп окуучуларына) дайыма эле түшүнүктүү боло бербейт. Андай түшүнүксүз сөздөрдү чечмелөө зарылчылыгы жеке эле окуучу, студент эмес, мектеп жана жогорку окуу жайынын мугалимдеринин дагы зарыл муктаждыктарына айланат [2, 6-7-бб.].

Кабыл алынган сөздөрдү окутууда этимологиялык, өздөштүрүлгөн, энциклопедиялык сөздүктөргө таянабыз, атайын окуу куралдарына, окуу китептерине да көңүл бурабыз.

**Адабияттар:**

1. Батманов, И. А. Грамматика киргизского языка [Текст] / И. А. Батманов. - Фрунзе, 1939. -76 с.
2. Карасаев, Х. К. Өздөштүрүлгөн сөздөр [Текст] / Х. К. Карасаев. - Фрунзе: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1986.
3. Карасаев, К. Камус наама (Араб, кытай, иран, монгол, орус тилдеринен оошуп келген жана көөнөргөн сөздөр) [Текст] / К. Карасаев. - Бишкек: Шам, 1996. - 855 б.
4. Мамытов, Ж. Азыркы кыргыз тили [Текст] / Ж. Мамытов. - Бишкек: ЖЭКА, 1999.
5. Сапарбаев, А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы [Текст] / А. Сапарбаев. - Бишкек, 1997.
6. Чыманов, Ж. А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы [Текст] / Ж. А. Чыманов. - Бишкек, 2009.
7. Шаршенбаев, А. К. Азыркы кыргыз тилиндеги экзотикалык сөздөр : Филол. илимд. канд. ... диссертация [Текст] / А. К. Шаршенбаев. - Бишкек, 2005.
8. Юнусалиев, Б. М. Киргизская лексикология [Текст] / Б. М. Юнусалиев. - Фрунзе, 1959. Часть 1. - 248 с.